Төрт-Гүл айылдык кеңешинин
2025-жылдын 7-агустундагы
№50-4 токтомун тиркемеси

# Төрт-Гүл айыл аймагынын аксакалдар сотторун каттоо жөнүндө жана аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнө кызматтык күбөлүктү берүү тартиби жөнүндө
# ЖОБО

## 1-бөлүм
## Жалпы жоболор

1. Бул Жобо «Аксакалдар соттору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан жана аксакалдар сотторун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында каттоо жана аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнө кызматтык күбөлүктү берүү тартибин жөнгө салат.
2. Аксакалдар сотторун каттоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан «Аксакалдар соттору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесине ылайык жүргүзүлөт.

## 2-бөлүм
## Документтерди каттоо үчүн тапшыруу тартиби

3. Аксакалдар соту шайланганы жөнүндө тиешелүү документтер берилгенден кийин үч жумуш күндүн ичинде ал жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органында эсепке алуучу каттоодон өткөрүлөт.
4. Аксакалдар сотун эсепке алуучу каттоо үчүн аксакалдар сотунун төрагасы тарабынан аксакалдар сотунун шайланган мүчөлөрү кол тамга койгон арызы берилет.

1. аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн шайланганын тастыктаган жашаган жери боюнча жарандардын чогулушунун протоколу;
2. аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн паспортторунун же ким экенин ырастаган башка документтеринин көчүрмөлөрү;
3. аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн иш жүзүндө жашаган жери тууралуу маалыматтар;
4. аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн билими жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү.

Документтердин көчүрмөлөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү аткаруу органы тарабынан күбөлөндүрүлөт.

5. Документтер жазуу түрүндө же электрондук түрүндө берилет.

## 3- бөлүм
## Документтерди кароо

6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы документтерди кабыл алган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде мыйзамдын талаптарына ылайык келээрин тактайт.

7. Кемчиликтер чыккан учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары арыз ээсине кемчиликтер тууралуу маалымдайт (билдирүү жиберет). Арыз ээси үч жумушчу күндүн ичинде аныкталган кемчиликтерди жоюшу керек.
8. Бул учурда кемчиликтерди жоюу мөөнөтү каттоо үчүн белгиленген мөөнөткө кирбейт.

**4- бөлүм**
**Каттоо чечимин кабыл алуу жана күбөлүк берүү**

9. Документтерди текшерүү аяктагандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы үч жумушчу күндүн ичинде аксакалдар сотун каттоо же каттоодон баш тартуу боюнча чечим кабыл алат.
Аксакалдар сотунун шайланган мүчөлөрүнүн "Аксакалдар соттору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин талаптарына ылайык келбеши каттоодон баш тартууга негиз болушу мүмкүн.
10. Чечим тескеме түрүндө тариздeлет
11. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы аксакалдар соту жөнүндө маалыматты жергиликтүү коомдук уюмдардын реестрине же башка эсепке алуу документине киргизет, ошондой эле каттоо журналына каттайт (3-тиркеме).
12. Каттоо жүргүзүлгөндөн кийин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы арыз ээсине белгиленген үлгүдөгү аксакалдар сотунун каттоо күбөлүгүн берет.

**5- бөлүм**
**Кызматтык күбөлүктү берүү**

13. Аксакалдар сотунун мүчөлөрүнө тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынан каттоодон өткөндөн кийин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген бирдиктүү үлгүдөгү күбөлүктөр берилет. Берилген күбөлүктөрдүн эсеби жазуу түрүндө жана электрондук форматта жүргүзүлөт
14. Кызматтык күбөлүктөрдү даярдоого байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 115-беренесинин 4-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, “Аксакал соттору жөнүндө” Кырыгыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин 1-бөлүгүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каржылоо булактарына ылайык, жергиликтүү бюджеттен каржыланат.

**6- бөлүм**
**Жыйынтык жоболор**

15. Төрт-Гүл айыл аймагынын аксакалдар соту катталган күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде агенттиктин аймактык башкармалыктарына кааттоо жөнүндө маалымат жиберет.